"Бекитемин"

Мектеп директору:

_____ А. Табалдыев

"2" _____ 2022-ж

# Насирдин Кайназаров атындагы №16 орто мектебинин ички көзөмөлүнүн жобосу

1. Окуучулардын жеке жөндөмүн, алардын кызыгуусун, билим алуучулук мүмкүнчүлүгүн, ден соолугунун абалын эске алуу менен окуу-тарбия процесси өнүктүрүлөт.
2. Окуучулардын билим алуу потенциалы аныкталат жана ишке ашырылат.
3. Окуучулардын өз оюн эркин билдирүүсү, өзүн-өзү өнүктүрүүсү үчүн шарт түзүү менен окуучулардын өнүгүү динамикасына байкоо жүргүзүлөт.
4. Мектептин окуу процессинин айрым звенолорундагы кыйынчылык жана жетишпестиктер аныкталат. Педагогикалык коллективге тааныштыруу, үлгү кылуу максатында мугалимдердин алдыңкы тажрыйбалары изилденет, үйрөнүлөт.
5. Мугалимдерге усулдук жардам көрсөтүлөт.
6. Окуу-тарбия процессинин диагносттикасынан. Программалаштырылган натыйжаларынан келтирилген катачылыктар, алыстап кетүүлөр аныкталат.
7. Билим берүү мыйзамдуулуктарын аткаруу боюнча көзөмөл жүзөгө ашырылат.
8. Окуучулардын билим алуудагы билгичтигин, көндүмдөрүн өнүктүрүү маселесине болгон жоопкерчилигин калыптандырат.
9. Тартип бузуучулукту, укуктук-ченемдик актыларды же башка мыйзамдуулукту аткарбоочулуктарын аныктоо, ал кемчиликтерди жоюу боюнча чаралар көрүлөт.
10. Кружок, жеке иш-аракет жана кошумча билим берүүдөгү мугалимдин сабак учурундагы, андан сырткары иш-аракеттериндеги бирлдиктүүлүк камсыздалат.
11. Орчундуу себепсиз сабак калтырышкан мугалимдердин окуучуларынын программалык өздөштүрүүсүнүн деңгээли аныкталат.
12. Башталгыч класстардын жана предметтик мугалимдердин жана интенсивдик усулдук ыкмаларды практикасында пайдалануу жоопкерчилиги көтөрүлөт.
13. Мектеп документациясын жүргүзүү, анын абалы боюнча контролдоо системасы өнүктүрүлөт.

**Мектептин ички көзөмөлүнүн принциптери:**

Адилеттүүлүк, өз ара сыйлашуу, өз ара жардамдашуу, салыштырмалуу-аналитикалык мамиле, усулджук багыттуулук.

**Көзөмөлдүн усулдары:**

Байкоо, анализ. Аңгемелеш документацияны окуп үйрөнүү, анкетирлөө, тестирлөө, көзөмөлдүк иштерди алуу.

**Мектептин ички көзөмөлүнүн функциялары:**

Маалыматтык-аналитикалык, контролдук-диагностикалык, оңдоп-түзөөчүлүк.

**Көзөмөлдүн формалары:**

Обзордук персоналдык, класстык-жалпылоочу.

Сканировано с CamScanner